КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

8-июнь 2022-ж. № 04 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын физика-математика жана техника илимдери боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндөгү 2021-жылдын 19-ноябрындагы №23 буйругуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №37 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 18 - январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген «Эксперттик кеңеш жөнүндө» жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022–жылдын 2 - июнундагы №314 токтомунун (№5э/к-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын физика-математика жана техника илимдери боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндөгү 2021-жылдын 19-ноябрындагы №24 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Эксперттик кеңештин курамынан эксперттик кеңештин төрагасы, Кыргыз Республикасынын УИАсынын мүчө - корреспонденти, ф.-м.и.д., профессор Чекеев Асылбек Асакеевич дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу чыгарылсын.
2. Эксперттик кеңештин төрагасы болуп Кыргыз Республикасынын УИАсынын мүчө - корреспонденти, ф.-м.и.д., профессор Султаналиева Рая Мамакеевна дайындалсын.
3. Эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары болуп, эксперттик кеңештин мүчөсү ф.-м.и.д., профессор Турсунов Дилмурат Абдилажонович дайындалсын.
4. Эксперттик кеңештин курамынан «Эксперттик кеңеш жөнүндө» жобонун 11-пунктуна ылайык төмөнкү мүчөлөрү чыгарылсын:
   - ф.-м.и.д. Бийбосунов Алмаз Ильясович;
   - ф.-м.и.д., доцент Исманов Юсупжан Хакимжанович.
5. Эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:
   - Баткен мамлекеттик университетинин илим бөлүмүнүн башчысы ф.-м.и.д., профессор Тайиров Миталип Муратович 01.04.07 - конденсацияланган абалдын физикасы (авторефераты боюнча), 01.04.02 - теориялык физика (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча аттестациялык документтерге экспертиза жүргүзүү жана диссертацияларды кароо укуктуулугу аныкталсын;

- Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары, т.и.д., профессор Сагымбаев Абдисамат Акимович 01.04.05 – оптика (авторефераты боюнча) адистиги боюнча аттестациялык документтерге экспертиза жүргүзүү жана диссертацияларды кароо укуктуулугу аныкталсын;
- И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин физика кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д., профессор Исманбаев Асанбай Исманбаевич 01.02.05 - суюктуктун, газдын жана плазманын механикасы (авторефераты боюнча) боюнча, 01.04.14 – жылуулук физикасы жана теориялык жылуулук техникасы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча аттестациялык документтерге экспертиза жүргүзүү жана диссертацияларды кароо укуктуулугу аныкталсын.

**Төрага** **Б.К. Тыналиева**